# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2013-жылдын 5-марты N 114*

## Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик тилге окутуу жана иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча чаралар жөнүндө

*(КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-сентябрындагы N 497 токтомунун редакциясына ылайык)*

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 22-апрелиндеги N 370-V "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерин ишке ашыруу боюнча комплекстүү чаралар тууралуу" токтомун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы 1-тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун программасы 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитети, администрациялык ведомстволору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялары мамлекеттик кызматчылардын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү жана иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча иш-чаралардын пландарын, ошондой эле мамлекеттик кызматчыларды мамлекеттик тилге окутуунун программаларын каржылоо булактарын аныктоо менен 2013-жылдын 15-мартына чейинки мөөнөттө бекитишсин.

3. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалдык кызматчылардын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү жана иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча иш-чаралардын пландарын, ошондой эле муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик тилге окутуунун программаларын каржылоо булактарын аныктоо менен 2013-жылдын 15-мартына чейинки мөөнөттө бекитүү сунуш кылынсын.

*4. (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-сентябрындагы N 497 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

5. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга Терминологиялык комиссиянын ишин жандандыруу сунушталсын.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2013-жылдын 8-мартында N 18 жарыяланды*

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчисинин орун басары К.Б.Бактыгуловго жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **Ж.Сатыбалдиев**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2013-жылдын 5-мартындагы

N 114 токтомуна
1-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча

## ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ПЛАНЫ

| N | Иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Аткаруучулар | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| I. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн шарттарды түзүү | | | | |
| 1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуу | | | | |
| 1 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуу үчүн топторду аныктоо | 2013-жылдын 15-мартына чейин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия менен келишим түзүү | 2013-жылдын 15-мартына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү, мамлекеттик башкаруу жана кадрдык иштер бөлүмү, укуктук камсыздоо бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик башкаруу жана кадрдык иштер бөлүмүнүн башчысы Шадыбеков К.Б., Кыргыз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы Иминов М.С. |
| 3 | Окууну өткөрүү үчүн уюштуруучу, материалдык-тех- никалык шарттарды түзүү | 2013-жылдын 15-мартына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 4 | Окуунун графигин, өтүлүүчү жерин, жүгүртмөсүн бекитүү | 2013-жылдын 15-мартына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 5 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуу | 2013-жылдын 15-мартынан баштап 31-декабрына чейин, анын ичинде: I этап - 2013-жылдын 15-мартынан баштап 6-июнуна чейин; II этап - 2013-жылдын 19-июнунан баштап 19-сентяб- рына чейин; III этап - 2013-жылдын 7-октябрдан баштап 20-декабрына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик | 2013-жылдын 1-мартынан баштап 6-июнуна чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун I этабын өткөрүү | | комиссия (макулдашуу боюнча) | аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 7 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун I этабынын жыйынтыгын чыгаруу, окутуунун I этабынын натыйжаларына ылайык дифференциалдык ыкманы(*) колдонуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын андан ары окутуу үчүн топторду аныктоо | 2013-жылдын 6-12-июну | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун II этабынын программасын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2013-жылдын 12-18-июну | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 9 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик | 2013-жылдын 19-июнунан баштап 19-сентябрына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун II этабын өткөрүү | | комиссия (макулдашуу боюнча) | аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 10 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун II этабынын жыйынтыгын чыгаруу, окутуунун II этабынын натыйжаларына ылайык дифференциалдык ыкманы колдонуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын андан ары окутуу үчүн топторду аныктоо | 2013-жылдын 19-25-сентябры | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 11 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун III этабынын программасын иштеп чыгуу жана бекитүү | 2013-жылдын 26-сентябрынан баштап 4-октябрына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 12 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын | 2013-жылдын 7-октябрынан баштап 20-декабрына чейин | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мамлекеттик тилге окутуунун III этабын өткөрүү | | боюнча) | Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 13 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун III этабынын жыйынтыгын чыгаруу | 2013-жылдын 23-25-декабры | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |
| 14 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларына мамлекеттик тил боюнча сертификаттарды тапшыруу | Окуу аяктагандан кийин окуу топторунун өзгөчөлүгүнө ылайык | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| | 2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларынын мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн материалдык-техникалык шарттарды камсыз кылуу | | | |
| 15 | Кыргыз тилинин орфографиясы, пунктуациясы жана тезаурусу боюнча программалык продукттарды компьютерлерге орнотуу | 2013-жылдын 1-апрелине чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча) |
| 16 | Кыргыз тилинин базасында клавиатураны жайгаштыруу боюнча программалык продуктту орнотуу | 2013-жылдын 1-апрелине чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча) |
| 17 | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш | 2013-жылдын 1-апрелине чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | башкармасынын китепканасынын базасында кыргыз тил кабинетин ачуу | | башкармасы (макулдашуу боюнча) | Т.К. (макулдашуу боюнча) |
| 18 | Кыргыз тили кабинетин "Тил көпүрө", "Легкий Кыргызстан", "Тилден-дилге" (CD) сыяктуу окутуу программалары, CD китептер менен камсыз кылуу | 2013-жылдын 1-апрелине чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| 19 | Кыргыз тили кабинетин окуу куралдары, сөздүктөр, усулдук иштелмелер менен камсыз кылуу | 2013-жылдын 1-апрелине чейин | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкаруучусу Коеналиев Т.К. (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын милдетин аткаруучу Түмөнбаева Ч.Д. (макулдашуу боюнча) |
| II. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын иш кагаздарын жүргүзүүнү мамлекеттик тилге өткөрүү | | | | |
| 1. Ченемдик укуктук маселелерди чечүү | | | | |
| 20 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн регламентин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирүү | 2013-жылдын 2-кварталы | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 21 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында документтер менен иштөөнүн регламентин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келтирүү | 2013-жылдын 2-кварталы | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү, билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А. |
| 22 | "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин жоболорун аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимин кабыл алуу | 2013-жылдын аягына чейин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмү, мамлекеттик башкаруу жана кадрдык иштер бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнүн башчысы Муратов А.А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик башкаруу жана кадрдык иштер бөлүмүнүн башчысы Шадыбеков К.Б. |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппарат жетекчиси-министрдин 2012-жылдын 27-декабрындагы N 385 буйругу менен түзүлгөн мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топтун жыйындарын өткөрүү | 2013-жылдын 1-мартынан баштап, дайыма | Мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топ | Мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топтун катчысы Абдысадыр уулу А. |
| 24 | Мамлекеттик тил боюнча колдонмолорду жана башка материалдарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн сайтына | 2013-жылдын 1-мартынан баштап, дайыма | Мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын маалыматтык саясат | Мамлекеттик тилдеги терминдерди бирдейлештирүү боюнча жумушчу топтун катчысы Абдысадыр уулу А., Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын маалыматтык саясат бөлүмүнүн башчысы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жайгаштыруу | | бөлүмү | Токтогулова Н.А. |
| 25 | Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун ченем чыгаруучу органдардан мамлекеттик тилде кабыл алуу | "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республика-сынын Мыйзамына тиешелүү өзгөртүү киргизилгенден жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламенти "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине ылайык келтирилгенден кийин | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын регламент жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Айтбаев У.Ш. |

(*) Дифференциалдык ыкма - окутуу максаттарына, кептин түрлөрүнө, окутуунун этабына, тилдик материалга жана окугандардын өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун түрдүү усулдарын жана окутуу ыкмаларын, түрдүү көнүгүүлөрдү пайдалануу.

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2013-жылдын 5-мартындагы
N 114 токтомуна
2-тиркеме

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун ПРОГРАММАСЫ

| N | Топтор | Окутуунун усулу | Окуу жүктөмүнүн көлөмү | Окутуучулар | Окутуу мөөнөтү | Окутуу графиги | Окутуунун наркы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун I этабы | | | | | | | |
| 1 | Баштапкы топ | "Тил көпүрө" | 72 саат | Абылкасымова М. | 2013-жылдын 15-мартынан | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | баштап 6-июнуна чейин | | |
| 2 | Улантуучу топ | "Тилден-дилге" | 72 саат | Төлөкова Э. | 2013-жылдын 15-мартынан баштап 6-июнуна чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 3 | Тереңдетип окутуу боюнча топ | "Расмий жана көркөм кеп" | 72 саат | Мажитова Р. | 2013-жылдын 15-мартынан баштап 6-июнуна чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 4 | Иш кагаздарын жүргүзүүгө окутуу боюнча топ | "Иш кагаздары" | 24 саат | Солтобаева Р. | 2013-жылдын 15-мартынан баштап 6-майына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 5 | Юристтер үчүн топ (кошумча) | "Кыргыз тили юристтер үчүн" | 24 саат | Козубекова Т. | 2013-жылдын 15-мартынан баштап 6-майына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун II этабы | | | | | | | |
| 6 | Улантуучу топ | "Тилден-дилге" | 72 саат | Төлөкова Э. | 2013-жылдын 19-июнунан баштап 19-сентябрына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 7 | Тереңдетип окутуу боюнча топ | "Расмий жана көркөм кеп" | 72 саат | Мажитова Р. | 2013-жылдын 19-июнунан баштап 19-сентябрына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 8 | Иш кагаздарын жүргүзүүгө | "Иш кагаздары" | 24 саат | Солтобаева Р. | 2013-жылдын 19- | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | окутуу боюнча топ | | | | июнунан баштап 19-сентябрына чейин | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын мамлекеттик кызматчыларын мамлекеттик тилге окутуунун III этабы | | | | | | | |
| 9 | Тереңдетилген топ | "Расмий жана көркөм кеп" | 72 саат | Мажитова Р. | 2013-жылдын 7-октябрынан баштап 20-декаб-рына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |
| 10 | Иш кагаздарын жүргүзүүнү окуу боюнча топ | "Иш кагаздары" | 24 саат | Солтобаева Р. | 2013-жылдын 7-октябрынан баштап 20-декабрына чейин | Жумасына 3 саат | Келишимге ылайык |